DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Дуйшобаев К.С., Касымова Н.Р.*

# КЫРГЫЗ ЭЛ МУГАЛИМИ КУТУНАЛИЕВ КУШУБАК АГАЙДЫН АСЫЛ ПЕДАГОГИКАЛЫК МУРАСТАРЫ ЖАНА УЧУРДУН ТАРБИЯЛЫК МАСЕЛЕСИ

*Дуйшобаев К.С., Касымова Н.Р.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАСЛЕДИЯ И ЗАДАЧИ СОВРЕМЕННОГО ВОСПИТАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДНОГО УЧИТЕЛЯ КУТУНАЛИЕВА КУШУБАКА

*K.S. Duyshobaev, N.R. Kasymova*

# PEDAGOGICAL HERITAGE AND TASKS OF MODERN EDUCATION OF THE KYRGYZ PEOPLE TEACHER KUTUNALIEV KUSHUBAK

*УДК: 37.013.32*

*Бул макалада Талас обастындагы, Талас районуна караштуу Копуро-Базар айылынын тургуну Кутуналиев Кушубак агайдын окутуучулук эмгектери жана өзү түзгөн зоологиялык музейи жөнүндө жазылды. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими "Эмгек Кызыл Туу" орденин ээси, ССРдин жана Кыргыз Республикасынын Эл агартуунун отличниги, методист жана жаш мугалимдердин насаатчысы Кутуналиев Кушубак агайым жөнүндө жазылмакчы. Кушубак агайдын 1942-жылдары Улу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери жана мекенди коргоо үчүн алган сыйлыктары. Кушубак агайдын согуштан кийинки жылдары баштаган эмге жолу, мугалимдерге насаатчы, окуучуларга илим билим, тарбия жана эмгекти үйрөткөн. Алган билими боюнча азыркы Р.Айдаралиев орто мектебине өзүнүн эмгеги менен жасаган сойлоп жүрүүчүлөр жана жапайы жанабарлардан түзгөн зоологиялык музейи жөнүндө. Ошондой эле өзүнүн үй бүлөсү, небере чөбөрөлөрү боюнча изилдени. Ушул үзүрлүү эмгегин негизинде көптөгөн эл агартуунун ардак громаталарга ээ, КПССтин мүчөсү болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *музей, эмгек жолу, эрдиктери, билими, кесиби, сыйлыктары, насааты, жаныбарлар.*

*Статья посвещена педагогическим трудам жителя села Копуробазар Таласского района Таласской области, а также созданному им зоологическому музею. Кутуналиев Кушубак заслуженный учитель Кыргызской Республики, обладатель ордена "Трудового Красного знамени", отличник образовани СССР и Кыргызской ССР, методист, наставник молодым учителям. В Великой Отечественной войне в 1942 году совершал подвиг и был награжден высокими наградами. После войны он начал свой трудовой путь педагогом, для образование и воспитал не одно поколение, прибывал детям хорошее поводение и любовь к труду, опубликовал множество научных трудов и наставлений, был членом КПСС. Особого внимания заслуживает созданный им зоологический музей пресмыкающихся и других животных. За многолетний и плодотворный труд в системе образования Кутуналиев Кушубак был награжден также почетными грамотами местных властей и отделов образования.*

***Ключевые слова:*** *музей, трудовой путь, подвиги, образование, профессия, награды, наставления, животные.*

*Pedagogical heritage and tasks of modern education of the Kyrgyz national teacher Kutunaliev Kushubak. The article is devoted to the pedagogical works of a resident of the village of Kopurobazar in the Talas district of the Talas region, as well as the zoological museum created by him. Kutunaliev Kushubak, Honored Teacher of the Kyrgyz Republic, holder of the Order of the Red Banner of Labor, excellent student of the USSR and the Kyrgyz SSR, methodologist, mentor to young teachers. In the Great Patriotic War in 1942 he made a feat and was awarded high awards. After the war, he began his career as a teacher, for education and brought up more than one generation, came to children a good behavior and love of work, published many scientific works and instructions, was a member of the CPSU. The zoological museum of reptiles and other animals created by him deserves special attention. For many years of fruitful work in the education system, Kutunaliev Kushubak was also awarded diplomas of local authorities and educational departments.*

***Key words:*** *museum, labor path, exploits, education, profession, awards, instructions, animals.*

Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими. «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси. СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Эл агартуунун отличниги, методист жана жаш мугалимдердин насаатчысы Кушубак Кутуналиев 1923-жылы Талас районундагы Шумкар-Уя айылында туулган. 1940-жылы жети жылдык мектепти аяктаган сон, мугалимдик кесипти аркалоо менен эмгек жолун баштаган.

Кушубак Кутуналиев 1942-жылы Улуу Ата Мекендик согушка мекенин коргоого аттанып, алты ай

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



даярдыктан өткөн соң Сталинград, Харьков, Курс, Будапешт, Берлин шаарларын бошотууга катышкан. Согуштагы каарман эрдиктери учун бир нече орден медалдар менен сыйланган. 1945-жылы Ата Мекенине кайтып келип. Кыргыз мамлекеттик университетин ийгиликтүү бүтүрүп, мугалимдик кесиптик ишин уланткан. Алгач кыска-жолун, Биринчи май, Киров жети жылдык мектебинде биология мугалими, окуу бөлүмүнүн башчысы, ал эми 1949-1950-окуу жылында Талас районундагы Кара-Суу орто мектебинде, 1952-1953-окуу жылдары Шумкар-Уя, Киров мектептеринде окуу бөлүмүнүн башчысы. 1957-жылдан тартып 1993-жылы ардактуу эс алууга чыканга чейин азыркы Рысбек Айдаралиев атындагы орто мектепте биология сабагынан мугалим жана окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Он уул-кыздын атасы, айлыбыздын ардактуу инсаны азыр өзү жашап өмүр бою эмгектенген айылынын бир көчөсү Кушубак Кутуналиевдин ысымында жана өзү түзүп уюштуруп кеткен музей «Кушубак Кутуналиев атындагы зоологиялык музей» деп аталат. Музейди уюштурууда жубайы «Баатыр эне» Оморова Акинайдын да салымы чоң, жан-жаныбарларды союп, терилерин даарылап, керектүү материалдарын даярдап берүүгө шериктеш болгон.

Ата кесибин аркалап кызы Жаңыл, уулдары Акылбек, Асанбек мугалимдик кесипти тандап алган. Тынчтыкбек, Гулайша, Гулнар, Гулмира медицина тармагында иштешет. Ал эми бир кызы Гулай мектептин китепканасында эмгектенген азыр ардактуу эс алууда. Уулдары Таалайбек, Нурланбек ата конушунда коломтонун отун өчүрбөй чарбалык жумуштар менен алектенишет. Неберелери Азамат, Нурбек, Самат да бүгүнкү күндө ата жолун жолдоп музейге толуктоолорду киргизип турушат. Азамат биология мугалими.

Музейде азыркы күндө миңге чамалуу экспонаттар бар. Экспонаттар: сүт эммүүчүлөр, курт- кумурскалар, Канатуулар, жерде сууда жашоочулар, сойлоп жүрүүчүлөр деп негизинен беш топко бөлүнөт. Аларды Кутуналиев Кушубак 1968-жылдан бери топтоп, жазап баштаган. Музейди түзүүгө, материалдарын чогултууга агайдын көзү өтүп кеткенге чейин айылдын мергенчилери, мектеп окуучулары, кесиптеш мугалимдер чоң жардам көрсөтүшкөн. Кушубак Кутуналиев ар бир экспонат ким тарабынан кармалганы, кайсы жерде качан жасалганы тууралуу маалыматтарды топтоп дагы, инвенитаризацияланган. Музейдеги керемет дүйнө муудан-муунга жашап келе бермекчи. Келечек муундар үчүн өтөгөн үзүрлүү эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, тажрыйбалуу методист Кушубак Кутуналиев «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» ардак наамы ыйгарылып. «Эмгек Кызыл Туу» ордени жана бир катар сыйлыктар менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын съездинде делегат, облустук кеңешке эки жолку, райондук кеңешке алты жолу депутат болуп шайланган. Ал коптогон Ардак грамоталардын, алкыштардын ээси болгон. Агайдын үзүрлүү иш тажрыйбасын республикада кеңири жайылтуу максатында ачык сабактары сыналгыга тартылып мектептер арасында жайылтылып көрсөтүлгөн (1974-1976- жылдары).

Эл агартууда сиңирген эмгеги жөнүндө республиканын телекөрсөтүүсү атайын көрсөтүү уюштурулган (1977-жылы). 1949-жылдан тартып КПССтин мүчөсү болгон.

Кутуналиев Кушубак агай жаныбарлардын жана канаттулардын бир нече түрүн таап аны союп денесин катырып окуучулар үчүн керектүү материал топтогон. Ал окуучуларга сабак өтүүдө өтө керектүү материал болгон. Кайсы жаныбар кайда жашаарын жана кайсы мамлекетте көп болгонун окуучуларга айтып түшүндүрүп берген. Жалан эле окуучулар үчүн эмес болок жактан да туристер келип көрүшүп кызыгуусун арттырып кетишет. Ал музейде атайын журнал ачылган. Ошол журналга музейди келип көрүп кетишен окуучулар, адамдар жана туристтер өздөрүнүн калоо тилектерин, кол тамгаларын калтырып кетишүүдө. Бул музей элибиз үчүн өтө керектүү жана аны кийинки муундарга көздүн карегиндей сактап өткөрүп беришибиз керек. Азыркы учурда мындай жаныбарларды жана канатууларды кармап зоология музей кылып түзүш өтө эле кыйынчылыкка турат.

Кушубак Кутуналиев агайыбыз түзгөн музейдеги жаныбарлар жана канатуулар төмөнкүлөр:

Бүгүнкү күндө ошол Кутуналиев Кушубак агайыбыз түзгөн зоологиялык музейдеги катырылган жаныбарларга, канатууларга күбө түшүп жок болуп кетип бара жатат. Ушуларды жаш муундар үчүн сактап калууга өтө муктаждыктар болуп жатат.

Биринчиден сактап калууга медициналык даары дармектер көп керектелүүдө. Мектептин финансылык каражаты аз болуп жатат. Мени менен окуган балдар чогулуп Кушубак агайыбыз түзгөн музейге жардам катары акча чогултуп мектеп директоруна музейге даары-дармек алыш үчүн берилген эле. Бирок ал акча каражаты бир жылга жетет. Ал музей бир жылдык эмес да. Бул музей түбөлүктүү болуш керек муундан-муунга өтүп туруш керек. Музей үчүн инвестиция тартып жана проект жазып жандандыруу керек деп ойлоймун. Бүгүнкү күндө Р.Айдаралиев атындагы орто мектептин мугалимдери окуучуларга сабак

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



өткөн учурда зоологиялык музейден жаныбарлардын жана жерде сойлоп жүгүрүчүлөрдүн экспонаттары менен сабак өтүүдө. Ушундай музейди Талас облусунун ар бир мектептерине жайылтсак жакшы болмок. Себеби ар бир баланын сабакка болгон кызыгуусу күчөмөк жана ар бир жаныбарды өз көздөрү менен көрүп тааным билишмек. Аң-сезиминин өсүшү да жогору болмок. Ачык сабактарды өтүүгө даяр материалдар бар болмок. Мүмкүн болсо ушундай музейди Талас мамлекеттик университетке да жайылтсак, тыштан келген конокторго, студенттерге, туристерге өтө кызыктуу материал болуп калмак деген ойлорум бар. Эгер ушундай музей уюшулуп калса студенттер үчүн жакшы материал болот деген үмүттөмүн.



**1-сүрөт.** Кыргыз эл мугалими Кутуналиев Кушубак агайдын сүрөтү. Музейди түзгөн мугалим.



**2-сүрөт.** Көпүрө-Базар айылындагы Кутуналиев Кушубак атындагы көчө.




**3-сүрөт.** Кутуналиев Кушубак агайдын көчөсүнө жасалган табличка.



**4-сүрөт.** Көпүрө-Базар айылындагы Р.Айдаралиев орто мектеби.



**5-сүрөт.** Көгүчкөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557





**6-сүрөт.** Музейдеги катырылган жапайы канатуу кукук жана карга.



**7-сүрөт.** Ала чыйырчык.



**8-сүрөт.** Көпүрө-Базар айылында топоздон туулган эки баштуу мамалак.



**9-сүрөт.** Музейде катырылган жапайы тоо аркары.



**10-сүрөт.** Жапайы тоо эчкиси.

**Адабияттар:**


1. Алимов А.Ф., Танасийчук В.Н., Степиньяниц С.Д. Коллекция Зоологического института РАН сокровище мировой науки. / Вестник РАН, 70(1),2000: 63-72.
2. Алимов А.Ф., Танасийчук В.Н., Степиньяниц С.Д. Коллекция Зоологического института РАН основы для изучения видового разнообразия. / Зоологический журнал. - Том 78. - Вып. 9, 1999: 1027-1047-бб.
3. Зоологический институт. 150 лет (ред. О.А.Скарлото). - Л: «Наука», 1982. - 243с.
4. Наумов Д.В Зоологический музей АН СССР Краткая история и описание экспозиции. - Л., 1980. - 112 с.